# КАЗАК ТЕНГЕ ВАЛЮТАСЫНЫН КОРГОО БЕЛГИЛЕРИ

*Улуттук банк, Кыргызстандын аймагында жасалма казак тенге валютасынын таркатылышына жол бербөө максатында атайын калк үчүн казак улуттук валютанын коргоо белгилерин маалымдайт:*

## 5000 ТЕНГЕ НОМИНАЛЫНДАГЫ БАНКНОТТУН АНЫКТЫГЫНЫН КОРГОО БЕЛГИЛЕРИ

1. **Түсүн өзгөрткөн боёк** - банкнотту өйдө-ылдый кыймылдатып көрүүдө анын түсү жашыл түстөн боз түскө өзгөрөт.

2. **Коргоо тилкелери:**
   - «5000 тенге» деген жазууну камтыган көзөнөкчө түрүндөгү тилке, жарыкка салып караодо үзгүлтүксүз болуп көрүнөт, банкноттун ар бир бурчунан алып караодо кызыл түстөн жашыл түскө өзгөрөт.
   - банкноттун кагазына камтылган тилке, жарыкка салып караодо үзгүлтүксүз болуп каралжын түстө көрүнөт.




3. Банкнотанын ак жеринде жайгашкан **суу белгилери**: жарыкка салып караодо каралжын, бозомук түстөрдүн айкалышында чагылдырылган илбирстин башынын элеси жана ачык түстө берилген номиналдын саны көрүнөт.

4. **Көмүскө сүрөттөлүш** – банкнотту кыймылдатып көрүүдө анда түшүрүлгөн «5000» деген номиналдын саны пайда болот.




5. **Иридисценттик тилке** банкнотанын арткы бетинде жайгашкан, анда жоогазындын сүрөтү кайталанып берилген.

6. **Mask** коргоо белгиси – жарыкка салып караодо банкнотанын арткы бетинде жайгашкан төөнүн сүрөтүнүн ордуна «БЕС» деген жазуу пайда болот.

*Казак тенгелеринин коргоо белгилери боюнча толук маалыматты Казахстан Республикасынын Улуттук банкынын веб - сайтынан төмөнкү дарегинен таанышсаңыз болот: www.nationalbank.kz*

*Чет өлкө валюталарын экспертизага кабыл алуу Адилет министирлигине караштуу Соттук экспертизалардын мамлекеттик борборунда ишке ашырылат (т.66-78-63, дареги: Бишкек ш., Ж. Боконбаев атындагы көч. 97-үй).*